Өткөн жыл бизди көп нерсеге үйрөттү. Жана, 2010-жылдын эң негизги жыйынтыктарынын бири, бул эртеңки күндөгү банктык системанын жаңы контурун биз ачык көргөндүгүбүз болуп саналат. Көрсөтүлө турган тейлөө кызматтардын тармагын туруктуу кеңейтүүчү, алардын сапатын жетилте иштетүүчү, маалымат технологиялардын эң жаңы жетишкендиктерин өзүнүн тажрыйбасында ишке киргизүүчү универсалдуу банктар гана алдыңкы позицияга жетише алат. Биз өзүбүз үчүн өнүгүүнүн ушундай жолун тандап алдык, жана ушул маселелерди чечүүгө биздин команданын күчү жете тургандыгына мен терең ишенем. Албетте, «РСК Банк» ААКнын жетишкендиктери бул, биринчи кезекте, коллективдин тынымсыз эмгегинин, чыгармачыл жана инновациялык мамилесинин, биздин Банктын корпоративдүү маданиятынан түзүлүп өскөн профессионалдуулугунун насыйжасы болуп саналат.

Бизге көрсөткөн колдоосу үчүн акционерлерге, Банктын ийгиликтерине жана гүлдөп өсүшүнө салымын кошкон ар бир кызматкерге, бизге көрсөткөн ишенимиңиздер үчүн жана Сиздин тандооңуз үчүн, биз иштеп жаткан мезгилден бери ийгиликтүү жана жемиштүү кызматташуулар үчүн Банктын бардык кардарларына жана өнөктөштөрүнө «РСК Банк» ААКнын атынан чын дилимден ыраазычылык билдирүүгө уруксат этиңиздер. «РСК Банк» ААКы мындан ары да Сиздер үчүн бизнесте ишенимдүү финансылык өнөктөш жана шериктеш болуп саналаарына мен ишенемин.

Чын ниетимден ийгиликтерди жана өркүндөп өсүүнү каалап,

# БАНКТЫН ПОРТРЕТИ

1996-жылы негизделген «РСК Банк» ААКы азыркы учурда – кардарлардын ар кандай тобунун финансылык жактан керектөөлөрүн канааттандырган жана банктык тейлөө кызматтардын кеңири тармагын көрсөткөн учурдун универсалдуу Банкы.

1997-жылы «Алай Кард» пластикалык карталар системасында накталай эмес эсептешүүлөр системасын ишке киргизүү боюнча долбоорду иштетүү башталган.

Өткөн жылдардын ичинде кардарлар менен иштерди жүргүзүп келген «РСК Банк» ААКы, «Алай Кард» пластикалык карталардын ээлерине көрсөтүлө турган тейлөө кызматтарды кеңейтүү жана жетилтүү менен пластикалык карталар рыногунда басымдуулук кылган позициясын туруктуу түрдө кармап келет. 2010-жылдын аягында «Алай Кард» системасында пластикалык карталардын Банк тарабынан чыгарылган саны 50 миң даанадан ашты.

2000-жылы улуттук валютада «Кыргыз Трансфер» акча которууларын жүргүзүү боюнча системасы ишке киргизилген. Мындан тышкары, бүгүнкү күндө, «РСК Банк» ААКы банктык эсеп ачуу аркылуу кадимки эле которуулар менен катар «Золотая Корона», «Быстрая Почта», «Money Gram», «Юнистрим», «Migom», «Western Union» жана «Лидер» системалары боюнча дүйнөнүн 100дөн ашык өлкөлөрүнө эсеп ачпастан акча которуу боюнча тейлөө кызматтарын көрсөтүп келе жатат.

2001-жылдан тартып «РСК Банк» ААКы American Express Компаниясынын жолдук чектерин сатуу боюнча агенти болуп саналат.

2003-жылдын апрелинен тартып «РСК Банк» ААКнын акцияларынын 100% пакетине Кыргыз Республикасынын Өкмөтү ээ болуп келет. 01.01.2011-ж. абалы боюнча Банктын уставдык капиталы 844 018 миң сомду түзөт.

2006-жылы «РСК Банк» ААКы Шанхай Кызматташуу Уюмунун Банктар аралык биримдигинин курамына кирген. Кытай, Россия, Өзбекстан, Тажикстан, Казахстан жана Кыргызстан сыяктуу өлкөлөрдүн өкүлдөрү кирген ШОСтун Банктар аралык биримдигине «РСК Банк» ААКнын кирүүсү, Банк үчүн мындан да динамикалуу өсүшүнө мүмкүндүк ачты, РСК Банк Кыргыз Республикасынын банктык кызыкчылыктарын коргой турган банк катары РСКга негизги банк-агенттин ролу берилди.

2007-жылы Шанхай Кызматташуу Уюмунун Банктар аралык биримдигинин чегинде Кытай Мамлекеттик өнүгүү банкы менен кызматташуу тууралуу Келишимге кол коюлган, бул болсо, Кыргыз Республикасынын экономикасына инвестицияларды тартууну көбөйтүү жана тейлене турган кардарлардын бизнесин кеңейтүүгө байланышкан долбоорлорду иштетүү үчүн жеңилдетилген пайыздык чени боюнча узак мөөнөттүү ресурстарды тартууга мүмкүндүк берет. 2007-жылдын декабрында «РСК Банк» ААКга эч кандай чектөөлөрсүз, анын ичинде насыялоо боюнча банктык операцяларды жүргүзүүгө мүмкүндүк бере турган, универсалдуу банктын лицензиясы берилген. 2008-жылы «Эсептешүү-сактык компаниясы» ААКы «РСК Банк» ААКы болуп аталышы алмашырылган жана КРдин Юстиция Министрлигинде расмий катталган.

2009-жылдан тартып «РСК Банк» ААКы Кыргыз Республикасынын депозиттерин коргоо системасынын катышуучусу болуп саналат. 2009-жылдан тартып «РСК Банк» ААКы Эл аралык Visa International төлөм системасына принципиалдуу мүчө болуп кирген. Бүгүнкү күндө, «РСК Банк» ААКы ушул системада принципиалдуу мүчө деген статусту алган, кыргыз капиталы менен болгон жалгыз банк.

2009-жылдын декабрында «РСК Банк» ААКы Кыргыз Республикасынын рыногунда ««Золотая Корона» системасынын сервистерин берүүчү эң ири тору» Дипломуна ээ болгон. 2009-жылдын жыйынтыктары боюнча «Фонддук рыноктун лидери» деген жыл сайын жүргүзүлүүчү конкурс-рейтингдин чегинде «РСК Банк» ААКы «Жылдын эмитенти» номинациясында биринчи орунду ээледи.

2010-жылдын жыйынтыктары боюнча «РСК Банк» ААКы өтө кеңири жайылган филиалдык тору, анын ичине Кыргыз Республикасынын бардык аймактарындагы эң алыскы райондор да кирет, 51 филиалдан жана 46 аманат кассаларынан жана көчмө кассалардан турган системалык универсалдуу банк. «РСК Банк» ААКы – бул республиканын төлөм системасынын коопсуздугун камсыз кыла турган жана өлкөнүн мамлекеттик саясатынын финансылык өткөргүчүнүн ролун аткара турган системалык маанидеги банк.

«РСК Банк» ААКы активдеринин өлчөмү жана депозиттик базасы боюнча Кыргыз Республикасынын эң ири банкы болуп саналат.

## БАШКЫ ОФИС:

Кыргызстан, Бишкек ш., Жаш Гвардия буль., 38А
тел.: +996 312 65 67 46
факс: +996 312 65 01 52

Маалымат-сурап-билүү кызматы: 91 11 11
info@rsk.kg

### АЛАЙ КАРД ПЛАСТИКОВЫХ КАРТАЛАР СИСТЕМАСЫНЫН ТЕЙЛӨӨ БОРБОРУ:

Бишкек ш., Чүй пр., 261
тел.: +996 312 65-03-85

## РЕКВИЗИТТЕРИ:

РСК Банк» Ачык акционердик коому
Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынын
1996-жылдын 25-июлундагы №033 - Лицензиясы

Юридикалык жана почталык дареги:
722010, Бишкек ш., Жаш Гвардия буль., 38а

КРдин Улуттук Банкындагы корр.эсеп: 1010126049501012

БИК: 129001
ИНН: 02907199610193
УККН: 999

## БАНКТАР-КОРРЕСПОНДЕНТТЕР:

Дойчебанк Траст Компани Америкас, АКШ;

Дойчебанк, Германия;

ОАО «Альфа-Банк», Россия;

АКБ «Промсвязьбанк» (ЗАО), Россия;

ЗАО «Райффайзенбанк», Россия;

РНКО «Платежный центр», Россия;

ОАО «Казахстан Элдик Банкы», Казахстан;

ОАО «Банк ЦентрКредит», Казахстан;

Кытай Мамлекеттик Өнүгүү Банкы, Кытай;

АКБ “Русславбанк”, Россия;

Коммерцбанк, Германия;

ОАО «Россельхозбанк», Россия.

# КОРПОРАТИВДҮҮ БАШКАРУУ

«РСК Банк» ААКы корпоративдүү башкаруунун эл аралык стандарттарын колдонууга умтулат жана ошол тармактагы иштерди жакшыртуунун үстүндө үзгүлтүксүз иштеп келет.
«РСК Банк» ААКнын корпоративдүү башкаруу системасы көп деңгээлдүү түзүмдөн турат, анын ар бир деңгээли Банктын иш-аракеттеринин өзүнчө багыттарына жооп берет. Акционерлердин укуктарын жана кызыкчылыктарын колдоонунун сөзсүз түрдөгү артыкчылыгы менен катар «РСК Банк» ААКнын корпоративдүү башкаруу системасы кардарлардын, инвесторлордун, коомчулуктун жана Банктын  иш-аракеттерине кызыккан бардык адамдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылат.

## АКЦИОНЕРЛЕРДИН ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНЫ

Акционерлердин Жалпы Жыйыны Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана «РСК Банк» ААКнын Уставы тарабынан аныкталган, Банктын иш-аракеттеринин маселелери боюнча чечимдерди кабыл алуу укугу менен башкаруунун жогорку органы болуп саналат.

## «РСК БАНК» ААКНЫН ДИРЕКТОРЛОР КЕҢЕШИ

Директорлор Кеңеши Акционерлердин Жалпы Жыйынында шайланат, Банктын өнүгүү стратегиясын аныктай турган башкаруу орган болуп саналат жана Банк тарабынан жүргүзүлө турган саясатка жооп берет. Директорлор Кеңеши өзүнүн иш-аракеттеринде Банктын негизги максаттарын жана кызыкчылыктарын жетекчиликке алат.

## «РСК БАНК» ААКНЫН ДИРЕКЦИЯСЫ

Директорлор Кеңеши, Банктын күндөлүк иш-аракеттерине жетекчилик жүргүзө турган коллегиалдуу аткаруу органын - Банктын Дирекциясын шайлайт. Банктын Дирекциясынын компетенциясына, Банктын Жалпы Жыйынынын жана Директорлор Кеңешинин түздөн түз компетенциясын түзбөгөн, бардык башка маселелер кирет.

## «РСК БАНК» ААКНЫН РЕВИЗИЯЛЫК КОМИССИЯСЫ

Ревизиялык комиссия акционерлердин жыйынында шайланат жана Банктын финансылык-чарбалык иш-аракеттерине көзөмөл жүргүзөт.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨНҮГҮШҮНҮН НЕГИЗГИ КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАНКТЫК СЕКТОРУНДА «РСК БАНК» ААКНЫН ПОЗИЦИЯСЫ

2010-жылдын апрель-июнь айларында Кыргыз Республикасынын аймагында болуп өткөн окуяларга байланыштуу, банктык система боюнча негизги көрсөткүчтөрдүн төмөндөөсүнүн жүрүшү менен 2010-жыл Кыргыз Республикасынын банктык системасы үчүн өтө оор сынак жылы болду. Иштеп жаткан коммерциялык банктардын жыйынтык баланстык отчетторунун статистикалык маалыматтары банктык система үчүн жыйынтык активдердин 13,8% төмөндөгөнүн, депозиттик база азайып 14% түзгөнүн, таза киреше 54% төмөндөгөнүн көрсөтүп турат. Бул учурда насыялык портфель 1,2 млрд. сом суммага көбөйдү, бирок насыялар боюнча атайы РППУнун өлчөмү 2,3 эсеге көбөйдү.

Социалдык-экономикалык абалдын татаалдыгына карабастан «РСК Банк» ААКы 2010-жылы финансылык рынокто өзүнүн позициясын бекемдөө боюнча керектүү иш-чараларды жүргүздү. 2010-жылы «РСК Банк» ААКнын (мындан ары текст боюнча – Банк) иш-аракеттеринин натыйжалуулугу иш-аракеттердин: кошулган активдердин, баалуу кагаздардын портфелинин, насыялык портфелдин, депозиттик базанын жана өздүк капиталдын негизги көрсөткүчтөрүнүн динамикалуу өсүшүн тастыктайт. Ошентип, кошулган активдердин өсүшү 3 эсени түздү, насыялык портфелдин көлөмүнүн өсүшү 2,8 эсеге көбөйдү, депозиттик базанын жогорулашы 3,6 эсени түздү. «РСК Банк» ААКнын таза кирешеси 80 млн. сомдон ашты. Отчеттук мезгилдин жыйынтыктары боюнча бүтүндөй банктык система боюнча ачылган бардык аманатчылардын (жеке адамдардын) эсептеринин 54% ашыгы «РСК Банк» ААКда тейленет, 2010-жыл үчүн Банктын кардарларынын базасы 31 миң бирдикке көбөйдү жана 175 миңден ашык кардарларды түздү.

Банк мамлекеттик баалуу кагаздарга карата негизги инвестор болуп саналат, аны менен бирге мамлекеттик бюджеттин эң кыска мөөнөттүк керектөөлөрүн камсыз кылат. Баалуу кагаздардын портфелинин көлөмү 2010-жылы 80% көбөйдү, 01.01.2011-ж. карата абалы боюнча Банктын баалуу кагаздарынын портфелинин үлүшү, айлантуудагы мамлекеттик баалуу кагаздардын жалпы көлөмүнүн 38% ашыгын түздү.

Банктын насыялык портфелинин көлөмү 01.01.2011-ж. карата абалы боюнча 2,3 млрд. сомду түздү. Бүтүндөй банктык система боюнча 2010-жылдын 12 айы үчүн насыялык портфель 1,2 млрд. сомго жогорулады, ошол эле учурда «РСК Банк» ААКнын насыялык портфели 1,5 млрд. сомго жогорулады, б.а. бүтүндөй банктык система боюнча насыялык портфелдин өсүшү негизинен «РСК Банк» ААКда насыяларды берүүнүн эсебинен камсыз болду.

01.01.11-ж. карата абалы боюнча «РСК Банк» ААКнын классификацияланган насыяларынын үлүшү 3,3% түзөт (банктык система боюнча - 15,8%), байкоодогулар - 3,0% (банктык система боюнча - 12,3%), канааттандыраалык насыялардын үлүшү - 93,7% (банктык система боюнча - 71,9%) түзөт. Банктын атайы РППУнун үлүшү 2010-жылы 49,7% төмөндөдү жана 01.01.11-ж. карата абалы боюнча банктык система боюнча насыялык портфелдин көлөмүнүн 2,9% түзүп, ошол көрсөткүч 2,2 эсеге көбөйдү, б.а. 01.01.11-ж. карата абалы боюнча банктык системанын атайы РППУнун үлүшү - 10,7% түздү. Бул көрсөткүчтөр, банктык системанын насыялык портфелинин ага окшош көрсөткүчтөрүнө салыштырсак, ал «РСК Банк» ААКнын насыялык портфелинин сапаты тууралуу күбөлөндүрүп турат.

Банктык системанын улуттук валютада жеке адамдардын талап боюнча төлөнүүчү жалпы суммадагы депозиттик базасында Банктын ошол категориядагы депозиттеринин үлүшү 42% ашыгын түзөт. 2010-жылдын ичинде бүтүндөй банктык система боюнча улуттук валютада жеке адамдардын талап боюнча төлөнүүчү депозиттеринин жогорулашы 519 млн. сомду түздү, бул учурда «РСК Банк» ААКнын улуттук валютада жеке адамдардын талап боюнча төлөнүүчү депозиттеринин өсүшү 294 млн. сомду түздү. Ошентип, бүтүндөй банктык система боюнча депозиттердин ушул категориясынын өсүшү, негизинен «РСК Банк» ААКда жеке адамдардын талап боюнча төлөнүүчү сом менен болгон депозиттеринин жогорулашынын эсебинен камсыз болду.

Улуттук валютада жеке адамдардын мөөнөттүү жалпы банктык депозиттеринде «РСК Банк» ААКнын ошол категориядагы үлүшү 15% чейин көбөйдү. 2010-жыл үчүн бүтүндөй банктык система боюнча жеке адамдардын улуттук валютадагы мөөнөттүү депозиттеринин көбөйүшү 13% түздү, бул учурда Банктын ошол категориядагы депозиттеринин өсүшү 81% түздү, бул Кыргыз Республикасынын банктык системасында жеке аманатчылардын каражаттары үчүн атаандаштыктардын өскөн шарттарында Банктын жүргүзүлүп жаткан депозиттик саясатынын натыйжалуулугу тууралуу күбөлөндүрүп турат.

Банктык системанын улуттук валютадагы кошулган депозиттик базасынын көлөмү 16,3 млрд. сомду түзөт, алардын ичинен 23% ашыгы «РСК Банк» ААКда топтолгон. Ошентип, жогоруда көрсөтүлгөн бардык факторлор «РСК Банк» ААКнын системалык маанилүүлүгү жана 2010-жылдын ичиндеги натыйжалуу иш-аракеттери тууралуу күбөлөндүрүп турат.

Өлкөнүн финансылык рыногунда өзүнүн иш-аракеттерин ийгиликтүү жүргүзүү менен «РСК Банк» ААКы 2010-жылдагы иш-аракеттеринин жыйынтыктары боюнча элдин арасында, ошондой эле банктык чөйрөдө да, эң ишенимдүү финансылык-насыялык мекемелердин бири деген кадыр-баркты ээлөөгө жетишти.

# ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ БАШКАРУУ

«РСК Банк» ААКда тобокелдиктерди башкаруу, стратегиялык маселелерге ылайык, ошондой эле тобокелдик абалдардын жаралышына жол бербөө же аларды чектөө жана минималдаштыруу максатында, Банк тарабынан аныкталган деңгээлдеги иш-аракеттердин процессинде жарала турган жана Банк өзүнө ала турган тобокелдиктерди колдоо максатында жүргүзүлөт.

Тобокелдиктерди башкаруу процессинде, «РСК Банк» ААКы банктык мыйзамдардын талаптарына гана ылайык келтирүүгө умтулбастан, дүйнөлүк алдыңкы банктардын тажрыйбаларын колдонууга да умтулат. Риск-менеджменттин негизги максаты, кардарлар, өнөктөштөр, акционерлер жана кызматкерлер үчүн кынтыксыз институт катары анын ишенимдүүлүгүн жогорулатуу максатында, Банктын жалпы эле тобокелдиктерге дуушар болушун төмөндөтүү болуп саналат.

Банктын тобокелдиктерин башкаруу системасына: Директорлор Кеңеши, Аудит боюнча Комитети, Тобокелдиктерди башкаруу Комитети, Банктын Дирекциясы, Активдерди жана пассивдерди башкаруу Комитети (КУАП), Насыя Комитети (КУ), Активдерди классификациялоо Комитети (ККА), ошондой эле өздөрүнүн укуктарынын чегинде өздөрүнүн күндөлүк иш-аракеттеринин жүрүшүндө Банктын түзүмдүк бөлүмдөрү жана кызматкерлери тартылган.

Кыргыз Республикасынын аймагында 2010-жылдын апрель-июнь айларында болуп өткөн окуяларга байланыштуу, мониторинг жүргүзүү жана тобокелдиктерди баалоо, өзгөрүлүп турган экономикалык конъюктурага ылайык жана кризиске каршы мүнөздөгү иш-чараларды иштеп чыгуу боюнча Кыргыз Республкасынын Улуттук Банкынын көрсөтмөлөрүн эске алуу менен өз убагында адекваттуу чараларды кабыл алуу максатында, ««РСК Банк» ААКнын кризиске каршы Планы» иштелип чыккан жана бекитилген. Бул План, кирешелердин жана чыгашалардын Бюджетинин, капиталдык салымдардын Бюджетинин тобокелдиктерин башкаруу учурунда, ликвиддүүлүктү, валюталык операцияларды, насылык операцияларды башкаруу учурунда, кардарларды эсептик-кассалык жактан тейлөө учурунда, персоналды башкаруу учурунда «РСК Банк» ААКы тийиштүү түрдө колдоно турган керектүү иш-аракеттерди жана жол-жоболорду аныктайт.

Мындан тышкары, тобокелдиктерди иштиктүү жана натыйжалуу башкаруу системасын камсыз кылуу үчүн «РСК Банк» ААКы тарабынан тийиштүү нормативдик документтер иштелип чыкты жана тобокелдиктердин ар бир түрүн башкаруу принциптери аныкталды. Ошентип, «РСК Банк» ААКда тобокелдиктерди башкаруу, башкаруунун бардык деңгээлинде ар тарапттуу жана бир убакта жүргүзүлөт.

# ТЕРРОРИЗМДИ ФИНАНСЫЛООГО ЖАНА КЫЛМЫШ ЖОЛУ МЕНЕН АЛЫНГАН КИРЕШЕЛЕРДИ ЛЕГАЛИЗАЦИЯЛООГО КАРШЫ ИШ-АРАКЕТТЕР БОЮНЧА ИШ ЧАРАЛАРДЫ ИШТЕТҮҮ МАКСАТЫНДА «РСК БАНК» ААКНЫН ИШ-АРАКЕТТЕРИ.

Терроризмди финансылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (отмыванию) каршы иш-аракеттер, бул эл аралык коомчулуктун көңүлүнүн борборунда турган эң орчундуу проблемалардын бири болуп саналат. «РСК Банк» ААКы, мыйзамсыз жол менен алынган кирешелерди легализациялоого (отмыванию) жана терроризмди финансылоо боюнча ички контролдоо системасын уюштурууга багытталган керектүү иш чаралардын комплексин алдын ала кабыл алат.

Терроризмди финансылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (отмыванию) каршы иш-аракеттерди жүргүзүү максатында, Банкта ар кандай иш-чаралардын комплекси иштетилет, анын милдеттүү түрдөгү шарты, бул Банк тарабынан жана Банктын кардарлары тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын толук түрдө колдонуп, аны аткаруу болуп саналат. Бул багыттагы негизги талаптардын бири, бул ФАТФнын көрсөтмөлөрү жана КРУБнын талаптарына ылайык «Өзүңдүн Кардарыңды бил» деген Банк тарабынан жүргүзүлө турган саясаты, бул керектүү стандарттарды колдонууну камсыз кылат, кардарларды ойдогудай текшерүүнүн тартибин аныктайт, кардарды идентификациялоо жана кардардын эсеби боюнча операцияларга байкоо жүргүзүү боюнча жол-жоболорду өзүнө камтыйт. Кардарды идентификациялоо, «Өзүңдүн Кардарыңды бил» деген принципти иштетүү багытында биринчи кадам болуп саналат жана кардарды алдын ала көзөмөлдөө чарасы болуп саналат, андан ары кардар менен боло турган мамилелердин өнүгүшүнүн жүрүшүндө «Кардарды деталдуу иликтөөдөгү» - кийинки көзөмөлдөө чарасы болуп саналат, бул иш-чаралар «Өзүңдүн Кардарыңды бил» дегендин бирдиктүү принцибин түзөт. Тажрыйба көрсөткөндөй, Банктык операцияларды жүргүзүү учурунда кардарлар бул жаңы ишти түшүнүү менен кабыл алышты, жана Анкеталардын стандарттуу форматында керектүү маалыматтарды берип турушат. Отчеттук мезгил ичинде Банктын кардарлары тарабынан 13 миңден ашык анкеталар берилди.

Кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (отмыванию) жана терроризмди финансылоого каршы иш-аракеттерди жүргүзүү максатында, Банкта кардарларды жана алардын контрагенттерин «кара тизмелерде» бар экендигине карата текшерүүнүн автоматтык системасы орнотулду. Текшерүү, операция жүргүзүлүп жаткан мезгилде «РСК Банк» ААКнын бардык түзүмдүк бөлүмдөрүндө жүргүзүлөт.

# 2010-ЖЫЛДА «РСК БАНК» ААКНЫН НЕГИЗГИФИНАНСЫЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ

Бүтүндөй эле 2010-жыл үчүн «РСК Банк» ААКнын иш-аракеттери ийгиликтүү болду, иш-аракеттеринин натыйжалуулугу иш-аракеттердин: кошулган активдердин, депозиттик базанын жана капиталдын негизги көрсөткүчтөрүнүн өсүшүн тастыктайт.

Ал эми 2010-жылдын аягында «РСК Банк» ААКы 8,6 млрд. сомдон ашык өлчөмдөгү актвидери, 5 млрд. сом өлчөмүндөгү депозиттик базасы жана 924 млн. сомдон ашык өлчөмдөгү өздүк жеке капиталы бар.

Отчеттук жылы Банктын активдерин жана пассивдерин башкаруу, тобокелдиктерди минималдаштыруу жана финансылык салымдардын көлөмдөрүн жогорулатуу жана пайыздык кирешелердин пландаштырылган көлөмүн камсыз кылуу үчүн ресурстук базаны оптималдуу түрдө өстүрүүгө багытталган финансылык рыноктогу абалды эске алуу менен жүргүзүлгөн. Бул учурда, албетте, пайыздык маржанын деңгээлин камсыз кылуу үчүн түзүмдөрдү жана ресурстардын наркын колдоо зарылдыгы эске алынган.

Финансылык куралдарга пайыздык чендин төмөндөшүн эске алуу менен отчеттук жылда Банктын инвестициялык чечимдери, мөөнөттөрдү жана алар боюнча кирешелүүлүктү оптималдаштыруу менен финансылык куралдарды диверсификациялоого багытталды. Ошентип, Банктын кирешелүү активдери жылдын башталашына салыштырмалуу 2,3 млрд. сомго көбөйдү, 2010-жыл үчүн Банктын кошулган активдериндеги алардын үлүшү, кошулган активдердин алдыга озуп өсүшүнө байланыштуу 48,9% түздү, ал эми 2009-жылдын көрсөткүчү 65,6% түзгөн.
Банктын инвестициялык портфелин негизинен юридикалык жана жеке жактардын насыялары, ГКВ, ГКО жана РЕПО-келишимдери боюнча сатылып алынган баалуу кагаздар түзөт, бул салымдар Банк үчүн кирешелүүлүктүн жана тобокелдиксиздиктин эң оптималдуу булактары болуп саналат.

01.01.11-ж. карата Банктын пассивдери жылдын башталышына салыштыруу боюнча 3 эсеге көбөйүү менен 8,6 млрд. сомдон ашыгын түздү, бул өсүш депозиттик базанын орчундуу түрдө көбөйүшүнүн эсебинен жүрдү.

Депозиттик базанын өсүшү депозиттердин дээрлик эле бардык түрлөрүнүн агымынын эсебинен камсыз болгондугун белгилей кетүү керек, бул Банктын ишенимдүүлүгүнүн далили жана корпоративдик, мамлекеттик жана жеке кардарлар тарабынан Банктын иш-аракеттерине карата ишенимдин өсүшүнүн көрсөткүчү болуп саналат.

Туруктуулук жана кабыл алынган милдеттемелердин Банк тарабынан өз убагында аткарылышы, Банктын кардардык базасынын туруктуу өсүшү үчүн көмөк түздү. 2010-жылы Банктын кардардык базасы 21,6% же 31 миң бирдикке көбөйдү жана 01.01.11-ж. карата абалы боюнча 175 миңден ашык кардарды түздү. Бул өсүш негизинен жеке кардарлардын эсебинен жүргөн – талап боюнча төлөнүүчү эсептери бар аманатчылардын саны 27 миң бирдикке көбөйдү (өсүш 20%), жана чекене бизнести өнүктүрүү боюнча Банктын активдүү иши менен түшүнүлөт – бул багыт атаандаштыктын өскөн шарттарында Банк үчүн чоң стратегиялык артыкчылыкты алып келет.

2010-жылы Банктын кошулган кирешелери, 2009-жылдын ага окшош көрсөткүчүнөн 35,2% ашып, 786 млн. сомду түздү. Кирешелердин өсүшү, пайыздык, ошондой эле операциялык киршелердин орчундуу түрдө жогорулашы менен камсыз болду.

Депозиттик базанын оптималдуу көлөмүн жана түзүмүн колдоо, сапаттуу тейлөө кызматтарды көрсөтүү жолу менен кардарлардын аманаттык жана инвестициялык активдүүлүгүн стимулдаштырууга, отчеттук мезгил ичинде банктык тейлөө кызматтарды сатуунун көлөмдөрүн жогорулатууга жана операциялык иш-аракеттердин көрсөткүчтөрүнүн өсүшүн камсыз кылууга Банкка мүмкүндүк берди. 2010-жылы депозиттик базанын орчундуу өсүшү жана ички жана тышкы рыноктордо кошумча тартылган ресурстар, мамлекеттик бюджеттин кыска мөөнөттүү керектөөлөрүнө жана кичи жана орто бизнести өнүктүрүүгө, апрель окуяларында жапа чеккен жеке ишкерлерге, б.а. мамлекеттик баалуу кагаздарга жана юридикалык жана жеке жактарга насыялоодо финансылоо максатында инвестициялардын көлөмүн жогорулатууга Банкка мүмкүндүк берди, ал өз кезегинде пайыздык кирешелердин орчундуу өсүшүнө таасирин тийгизди.

Кирешелердин, ошондой эле Банктын кардарларын тейлөөгө байланышкан чыгашалардын өсүшүнө таасирин тийгизе турган, көрсөтүлүүчү тейлөө кызматтардын көлөмүн жогорулатуу жана кардарларды тартуунун ортосундагы өз ара байланышты эске алуу менен чыгашаларды жогорулатуу, кирешелердин өсүшү жана 2010-жыл үчүн «РСК Банк» ААКнын натыйжалуу иш-аракеттерин мүнөздөй турган, бардык көрсөткүчтөрдүн өсүшү менен акталды.

Кирешелерди тартуу жана чыгашаларды оптималдаштыруу боюнча натыйжалуу иштөөнүн натыйжасында 2010-жылы «РСК Банк» ААКнын таза кирешеси 80 млн. сомдон ашыгын түздү.

## 2010-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОШУЛГАН КИРЕШЕ ТУУРАЛУУ ОТЧЕТУ

(миң сом менен,, сом менен көрсөтүлгөн, акцияларга карата кирешеден башкага)

| | Эскертүүлөр | 2010-жылдын 31-декабрында | 2009-жылдын 31-декабрында |
|---|---|---|---|
| Пайыздык кирешелер | 5 | 492,523 | 364,806 |
| Пайыздык чыгашалар | 5 | (141,220) | (85,937) |
| АЛАР БОЮНЧА ПАЙЫЗДАР ЭСЕПТЕЛЕ ТУРГАН, АКТИВДЕРДИН АРЗАНДАП КЕТИШИНЕ РЕЗЕРВДЕРДИ ТҮЗҮҮГӨ ЧЕЙИНКИ ТАЗА ПАЙЫЗДЫК КИРЕШЕ | | 351,303 | 278,869 |
| Алар боюнча пайыздар эсептеле турган активдердин арзандап кетишине резерв түзүү | 6 | (47,539) | (31,194) |
| ТАЗА ПАЙЫЗДЫК КИРЕШЕ | | 303,764 | 247,675 |
| Киреше же чыгаша аркылуу калыс наркы боюнча чагылдырыла турган финансылык милдеттемелер боюнча таза киреше | | 511 | - |
| Чет элдик валютадагы операциялар боюнча таза киреше | 7 | 51,920 | 26,702 |
| Тейлөө кызматтар жана алынган комиссиялар боюнча кирешелер | 8 | 239,923 | 179,686 |
| Тейлөө кызматтар жана төлөнгөн комиссиялар боюнча чыгашалар | 8 | (5,338) | (2,732) |
| Башка кирешелер | | 1,394 | 10,507 |
| ТАЗА ПАЙЫЗДЫК ЭМЕС КИРЕШЕЛЕР | | 288,410 | 214,163 |
| ОПЕРАЦИЯЛЫК КИРЕШЕЛЕР | | 592,174 | 461,838 |
| ОПЕРАЦИЯЛЫК ЧЫГАШАЛАР | 9 | (498,544) | (415,919) |
| ОПЕРАЦИЯЛЫК ИШ-АРАКЕТТЕРДЕН КИРЕШЕ | | 93,630 | 45,919 |
| Башка операциялар боюнча арзандап кетишине карата резервдерди түзүү | 6 | (3,040) | (1,412) |
| САЛЫК САЛЫНГАНГА ЧЕЙИНКИ КИРЕШЕ | | 90,590 | 44,507 |
| Кирешеге карата салык боюнча чыгашалар | 10 | (10,450) | (11,742) |
| ТАЗА КИРЕШЕ | | 80,140 | 32,765 |
| ТАЗА КОШУЛГАН КИРЕШЕ | | 80,140 | 32,765 |
| АКЦИЯГА БАЗАЛЫК КИРЕШЕ (СОМ) | 25 | 47.48 | 33.52 |

# ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУУЛУК БОЮНЧА АУДИТОРДУК КОРУТУНДУ

## 2010-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНА КАРАТА АБАЛЫ БОЮНЧА ФИНАНСЫЛЫК АБАЛЫ ТУУРАЛУУ ОТЧЕТУ

(миң сом менен)

| | Эскертүүлөр | 2010-жылдын 31-декабрында | 2009-жылдын 31-декабрында |
|---|---|---|---|
| **АКТИВДЕР:** | | | |
| Кыргыз Республикасынын Улуттук банкындагы акча каражаттар жана эсептер | 11 | 1,584,540 | 461,665 |
| Банктардагы каражаттар | 12 | 916,292 | 185,795 |
| Кардарларга берилген ссудалар | 13 | 2,299,109 | 822,218 |
| Төлөөгө чейин кармала турган инвестициялар | 14 | 1,945,963 | 1,085,521 |
| Негизги каражаттар жана материалдык эмес активдер | 15 | 372,974 | 285,367 |
| Сатуу үчүн дайындалган активдер | 16 | 11,074 | 3,477 |
| Башка активдер | 17 | 65,917 | 60,166 |
| АКТИВДЕР, БАРДЫГЫ | | 7,195,869 | 2,904,209 |
| **МИЛДЕТТЕМЕЛЕР ЖАНА КАПИТАЛ:** | | | |
| Киреше же чыгаша аркылуу калыс наркы боюнча баалана турган финансылык милдеттемелер | 18 | 23,146 | 237 |
| Банктардын каражаттары | 19 | 799,203 | 227,038 |
| РЕПО келишимдери боюнча сатылган баалуу кагаздар | 20 | 200,193 | 251,270 |
| Кардарлардын каражаттары | 21 | 5,188,309 | 1,500,134 |
| Кирешеге карата салык боюнча милдеттемелер | 10 | 16,028 | 13,625 |
| КР Финансы Министрлигинин насыясы | 22 | 3,733 | 3,744 |
| Башка милдеттемелер | 23 | 41,099 | 31,378 |
| МИЛДЕТТЕМЕЛЕР, БАРДЫГЫ | | 6,271,711 | 2,027,426 |
| **КАПИТАЛ:** | | | |
| Уставдык капитал | 24 | 844,018 | 844,018 |
| Бөлүштүрүлбөгөн киреше | | 80,140 | 32,765 |
| КАПИТАЛ, БАРДЫГЫ | | 924,158 | 876,783 |
| МИЛДЕТТЕМЕЛЕР ЖАНА КАПИТАЛ, БАРДЫГЫ | | 7,195,869 | 2,904,209 |

# ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУУЛУК БОЮНЧА АУДИТОРДУК КОРУТУНДУ

## 2010-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН АКЧА КАРАЖАТТАРДЫН КЫЙМЫЛЫ ТУУРАЛУУ ОТЧЕТУ

(миң сом менен)

| ОПЕРАЦИЯЛЫК ИШ-АРАКЕТТЕРДЕН АКЧА КАРАЖАТТАРДЫН КЫЙМЫЛЫ: | Эскертүүлөр | 2010-жылдын 31-декабрында | 2009-жылдын 31-декабрында |
|---|---|---|---|
| Салык салынганга чейинки киреше | | 90,590 | 44,507 |
| Түзөтүүлөр: | | | |
| Насыялардын баасы түшүшүнөн чыгашалар | 6 | 47,539 | 31,194 |
| Сатуу үчүн дайындалган активдердин баасынын түшүшүнөн чыгашалар | 6 | 2,877 | 1,159 |
| Башка операциялар боюнча баанын түшүшүнөн чыгашалар | 6 | 163 | 253 |
| Төлөөгө чейин кармала турган инвестициялар боюнча пайыздык киреше | | (154,695) | (122,989) |
| Эскирүү жана амортизация | 9, 15 | 36,473 | 25,204 |
| Негизги каражаттардын жана материалдык эмес активдердин чыгып кетүүсүнөн киреше | | 853 | 9 |
| Киреше же чыгаша аркылуу калыс наркы боюнча чагылдырыла турган финансылык милдеттемелердин калыс наркынын таза өзгөрүшү | | 511 | - |
| Сатылбаган киреше/чет элдик валютаны баалоодон чыгаша | 7 | 15,491 | 2,753 |
| Эсептөөлөрдөгү таза өзгөрүү | | 11,825 | 4,723 |
| Операциялык активдердин жана милдеттемелердин өзгөрүшүнө чейин операциялык иш-аракеттерден акча каражаттардын агып кириши/(чыгып кетиши) | | 51,627 | (13,187) |
| Операциялык активдердин жана милдеттемелердин өзгөрүшү: Операциялык активдердин (жогорулашы)/азайышы: | | | |
| Банктардын каражаттары | | 29,945 | (23,121) |
| Кардарларга насыялар | | (1,561,388) | (73,145) |
| Сатуу үчүн дайындалган активдер | | (10,474) | (4,636) |
| Башка активдер | | (5,283) | (17,047) |
| Операциялык милдеттемелердин жогорулашы/(азайышы): | | | |
| Банктардын каражаттары | | 591,322 | 95,411 |
| Кардарлардын каражаттары | | 3,708,570 | (534,478) |
| РЕПО операциялары боюнча сатылган баалуу кагаздар | | (51,048) | 156,414 |
| Башка милдеттемелер | | 544 | (64,008) |
| Салык салынганга чейинки операциялыкиш-аракеттерден акча каражаттардын агып кириши/(чыгып кетиши) | | 2,753,815 | (477,797) |
| Төлөнгөн кирешеге салык | | (8,047) | (4,813) |
| Операциялык иш-аракеттерден акча каражаттардын таза агып кириши/(чыгып кетиши) | | 2,745,768 | (42,610) |

уландысы

## 2010-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН АКЧА КАРАЖАТТАРДЫН КЫЙМЫЛЫ ТУУРАЛУУ ОТЧЕТУ
(миң сом менен)

| ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ИШ-АРАКЕТТЕРДЕН АКЧА КАРАЖАТТАРДЫН КЫЙМЫЛЫ: | Эскертүүлөр | 2010-жылдын 31-декабрында | 2009-жылдын 31-декабрында |
|---|---|---|---|
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди сатып алуу | 15 | (125,133) | (103,814) |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди сатуудан түшкөн пайда | - | 49 | 180 |
| Инвестициялык баалуу кагаздарды сатып алуу | - | (1,860,624) | (1,447,294) |
| Инвестициялык баалуу кагаздарды сатып алуудан жана төлөөдөн келип түшүүлөр | - | 1,144,289 | 1,459,304 |
| Инвестициялык иш-аракеттерден акча каражаттардын таза чыгышы | | (841,419) | (91,624) |
| **ФИНАНСЫЛЫК ИШ-АРАКЕТТЕРДЕН АКЧА КАРАЖАТТАРДЫН КЫЙМЫЛЫ:** | | | |
| Төлөнгөн дивиденддер | | (32,765) | (19,180) |
| Юридикалык жана жеке жактар тарабынан салынган, кошумча капитал | | - | 400,000 |
| Кыргыз Республикасынын финансы жана экономика Министрлигинен насыя | | 237 | 1,108 |
| Финансылык иш-аракеттерден акча каражаттардын таза чыгып кетиши/( агып кириши) | | (32,528) | 381,928 |
| Акча каражаттарга жана алардын эквиваленттерине сомго карата болгон чет элдик валюталардын курсунун өзгөрүшүнүн таасири | | 11,496 | 1,459 |
| АКЧА КАРАЖАТТАРДЫН ЖАНА АЛАРДЫН ЭКВИВАЛЕНТТЕРИНИН ТАЗА КӨБӨЙҮШҮ/(АЗАЙЫШЫ) | | 1,883,317 | (190,847) |
| АКЧА КАРАЖАТТАР ЖАНА АЛАРДЫН ЭКВИВАЛЕНТТЕРИ, | | | |
| Жылдын башталышында | 11 | 617,515 | 808,362 |
| Жылдын аягында | 11 | 2,500,832 | 617,515 |

2010-жылдын 31-декабрында бүткөн жылдын ичинде Банк тарабынан төлөнгөн жана алынган пайыздардын суммасы 129,382 миң сомду жана ошондой эле 483,533 миң сомду түздү.

2009-жылдын 31-декабрында бүткөн жылдын ичинде Банк тарабынан төлөнгөн жана алынган пайыздардын суммасы 82,166 миң сомду жана ошондой эле 361,035 миң сомду түзгөн.

## 2010-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КАПИТАЛДАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨР ТУУРАЛУУ ОТЧЕТУ

(миң сом менен)

| | Уставдык капитал | Бөлүштүрүлбөгөн киреше | Капитал бардыгы |
|---|---|---|---|
| 2008-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫ | 425,018 | 38,180 | 463,198 |
| Мезгилдеги акционерлердин менчик каражаттарынын тутумундагы өзгөрүүлөр: | | | |
| Кадимки акцияларды чыгаруу | 419,000 | (19,000) | 400,000 |
| Мезгилдеги таанылган, кошулган киреше | - | 32,765 | 32,765 |
| Жарыяланган дивиденддер | - | (19,180) | (19,180) |
| 2009-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫ | 844,018 | 32,765 | 876,783 |
| Мезгилдеги акционерлердин менчик каражаттарынын тутумундагы өзгөрүүлөр: | | | |
| Мезгилдеги таанылган, кошулган киреше | - | 80,140 | 80,140 |
| Жарыяланган дивиденддер | - | (32,765) | (32,765) |
| 2010-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫ | 844,018 | 80,140 | 924,158 |

# ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУУЛУК ТУУРАЛУУ КОРУТУНДУ

Биз, «РСК Банк» Ачык акционердик коомунун («Банк») 2010-жылдын 31-декабрына карата финансылык абалы боюнча кошулган кирешелер тууралуу отчетун, финансылык абалы тууралуу отчетун, акча каражаттардын кыймылы тууралуу отчетун, капиталдагы өзгөрүүлөр тууралуу отчетун, ошондой эле эсепке алуу саясатынын орчундуу элементтерин кыска баяндоо жана ушул датага карата аяктаган жыл үчүн башка түшүндүрүү менен эскертүүлөрү тиркеле турган ушул финансылык отчеттуулукка аудит жүргүздүк.

## ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУУЛУК ІЧІН БАНКТЫН ЖЕТЕКЧИЛИГИНИН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

Финансылык отчеттуулуктун Эл аралык стандарттарына ылайык ушул финансылык отчетторду даярдоо жана ишенимдүүлүгү үчүн, ошондой эле уятсыз иш-аракеттердин же ката кетирүүлөрдүн аркасында орчундуу бурмалоолор камтылбаган, финансылык отчеттуулукту даярдоо үчүн керек деп жетекчи эсептеген ички көзөмөлдөө системасын түзүү үчүн Банктын жетекчилиги жоопкерчиликте болот.

## АУДИТОРЛОРДУН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

Биздин жоопкерчилик, биз тараптан жүргүзүлгөн аудиттин негизинде ушул финансылык отчеттуулуктун ишенимдүүлүгү тууралуу биздин ой-пикирибизди билдирүүдөн турат. Биз бул аудитти, Аудиттин Эл аралык Стандарттарына ылайык жүргүздүк. Бул стандарттар, аудиторлор тарабынан этикалык талаптарды милдеттүү түрдө колдонууну, ошондой эле ушул финансылык отчеттуулукта орчундуу бурмалоолор камтыбагандыгы тууралуу жетиштүү түрдөгү ишеним алуу үчүн аудитти пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

Аудит, сандык көрсөткүчтөрдү жана финансылык отчеттуулуктун эскертүүлөрүнө карата аудитордук далилдерди алуу үчүн керектүү жол-жоболорду жүргүзүүнү камтыйт. Жол-жоболорду тандоо, аудитордун профессионалдуу ой-жүгүртүүсүнөн, анын ичинде уятсыз иш-аракеттердин же ката кетирүүлөрдүн аркасында финансылык отчеттуулукту орчундуу түрдө бузуу тобокелдиктерди баалоодон негизделет. Ушундай тобокелдиктерди баалоо, ошондой кырдаалдарда колдонула турган аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгуу максатында финансылык отчетуулукту даярдоо жана анын ишенимдүүлүгүн текшерүү үчүн ички көзөмөлдөө, бирок ички контролдоо системасынын натыйжалуулугу тууралуу ой-пикирди билдирүү үчүн эмес, ички көзөмөлдөө системасын кароону камтыйт. Ошондой эле, аудит, эсепке алуу саясатынын колдонула турган ойдогудагай мүнөздөгү баалону жана жетекчилик тарабынан жасалган жол берүүлөрдүн негиздүүлүгүнүн баалоосун, ошондой эле берилген бүтүндөй финансылык отчеттуулуктун баалоосун камтыйт.

Биз тараптан алынган аудитордук далилдер, ушул финансылык отчеттуулук тууралуу ой-пикирибизди билдирүү үчүн жетиштүү негиз болуп саналат деп эсептейбиз.

## ОЙ-ПИКИР

Биздин оюбуз боюнча, финансылык отчеттуулуктар 2010-жылдын 31-декабрына карата абалы боюнча Банктын финансылык абалынын бардык орчундуу аспектилерин ишенимдүү, ошондой эле ушул датага карата бүткөн жыл үчүн анын иш-аракеттеринин жана акча каражаттардын кыймылынын жыйынтыктары Финансылык отчеттуулуктун Эл аралык стандарттарына ылайык чагылдырат.

Годовой отчет
Жылдык отчет
Annual report

2010



Chief Executive Officer
OJSC RSK Bank
R. Akmatbekov



Speaking about results of 2010 it should be noted first and foremost that last year the entire banking system of the Kyrgyz Republic underwent the stringent test of time. Despite the arduous social and economic situation the OJSC RSK Bank (RSK) demonstrated its stable and confident development in 2010. More over, RSK once again passed through the test for stability and reliability and confirmed its reputation of one of the trustworthy and sustainable banks of the Kyrgyz Republic (KR).

Because of the events of April – June 20101 many individuals and legal entities preferred to keep their accounts and deposits with the RSK including accounts of the KR Social Fund and the KR Central Treasury with a goal of preserving of the sustainability of the banking system. This is the evidence of high trust to the Bank of all categories of customers which it gained within years of its operation at the banking market of the country. In April 2010, at the most difficult time for the country the RSK managed within short time to accept and provide maintenance of accounts of the KR Treasury and Social Fund and did not allow failure of the budget cash flows and state payments in the country. We mobilized efforts and took all necessary actions to ensure at our own liquidity the budget payments in the KR thus not allowing the social tension among the population. Looking back at 2010 we can affirm that the RSK was and continues to be the main partner of the government and its structures through the bank accounts of which over 71% of clearing payments of the republic have passed. Deposits of the RSK(over 5 billion Kyrgyz Som (KGS)) were fully secured with not risky, highly liquid assets.

In 2010, the RSK continued its joint work with the authorized partner banks within the framework of the Interbank Association of the Shanghai Organization of Cooperation (IBA SOC). Taking into account the critical need of the KR real sector of economy in investments we took the necessary actions for attraction of the long-term credit lines in the framework of IBA SOC. The Bank used all available opportunities for attraction of the long-term credit lines with preferential terms for the goal of the KR economy growth, creation of needed conditions for the large scale development of the small and medium business development in all regions of the country with the optimal interest rates.

Cooperation of the RSK within SOC without doubt had impact on the volume of attracted investments in the KR of the countries members of SOC which facilitated the level of resources and increase of the financial possibility of lending to small and medium businesses.

In 2010, the Bank took actions and signed agreements on the credit lines with the Specialized Bank Refinancing Fund, LLC for the purpose of meeting the needs of population in micro loans in rural areas including the remote districts, lending to lessees and entrepreneurs, victims of the events.

Last year the Bank significantly increased the scope of activities in all trends of its business and improved efficiency of the non-cash settlement system and the quality of service via the plastic cards. The number of the plastic cards issued by the Bank via the Alay Card system was over 50,000 units by January 1, 2011. The RSK expanded its infrastruc-





ture and network in the country, modernized the banking products and services, introduced new technologies, trained its staff, and improved their qualifications. By January 1, 2011, 58 ATM (automatic teller machines) and 185 terminals for the Alay Card service were installed and opened with the trade and service companies of the republic including shops, service centers, filling stations, and the Bank's divisions.

In 2010, the RSK in addition to its agency service to the main state institutions also devoted special attention to services for large corporate customers, both individuals and legal entities. The wide net of branches along with the good highly productive operational system of the Bank allowed to significantly expand services for this category of clients. The Bank also paid special attention to minimization of the banking losses, risk management, maintaining of the profitability, yield, and liquidity in its assets and liabilities management.

Our main goal today is to become the leading bank of the country, a reliable and accessible financial client-oriented institution providing high quality services to all categories of clients. I am sure that our solid and professional team of 1,000 employees will cope with the objective and will assist the OJSC RSK Bank to reach another level of development.

We learnt a lot in the past year one of the lessons of which the clear understanding of the future of the banking system of the country. Only universal banks permanently expanding the range of provided services with improved quality and applying the latest achievements of the information technologies can aspire to take the leading positions. We have chosen this way of development and I am sure that we will be capable to achieve the goal. There is no question that achievements of the RSK are first and foremost results of the laborious, creative, and innovative efforts of the team, increased professionalism of employees, and the corporate culture of the Bank.

On behalf of the OJSC RSK Bank, may I express my highest appreciation to the shareholders for support, each employee for their contribution in the success and prosperity of the Bank, to all clients and partners of the Bank for your choice and trust to the Bank, and for the fruitful cooperation within all these years. I believe that in future the RSK will continue to be your reliable financial partner and business ally.

With our wishes for your success and prosperity,